КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ

**И. РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА**

# БУЙРУК - ПРИКАЗ

"26" июнь 2015 г. г. Бишкек № 99

**"2015-2016-жаңы окуу жылына
даярдык жөнүндө"**

2015-2016-окуу жылында окуу процессине тиешелүү багыттар жана адистиктер боюнча кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жараша пландаштыруу, даярдоо жана уюштуруу максатында

**БУЙРУК БЕРЕМ:**

1. **Кафедра башчыларына:**

1.1. Кафедранын окуу процессине даярдык сапатын жеке контролдукка алышсын: мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окутма-усулдук материалдарга, лабораториялардын материалдык-техникалык жабдылышына ылайык окуу планы менен билим берүү программаларын ишке ашыруу жана университеттин, факультеттердин (институттардын) Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин жайылтуу.

1.2. Бакалаврларды (адистерди) жана магистрлерди даярдоо боюнча окуу иш планын жана окутуунун кредиттик технологиясынын негизинде окуу процессин уюштуруунун Жобосун бекитүү үчүн билим берүү системасынын эки баскычтуу окуу процессин уюштуруу ишке ашырылсын.

1.3. Кафедралардын профессордук-окутуучулук курамынын (ППС) ишинин көлөмүн эсептөө жана пландаштыруу тартиби жөнүндө Жобого (2011-ж.), Убакыт ченемине (2014-ж.), багыттардын жана адистиктердин иш окуу планына, 2015-2016-окуу жылындагы студенттердин окуу топтору менен контингентинин курамына ылайык **(1-Тиркеме)** окуу саат көлөмү эсептелинип жана бөлүштүрүлсүн.

1.4. Окуу саат көлөмүн эсептөө жана бөлүштүрүүнү профессордук-окутуучулук курамынын (ППС) штатына табыштама КГТУ, МЭТ, БжБИ, АОжКЖИ, ТИжТТИ, КЖ боюнча бюджеттик, контракттык, күндүзгү жана

сырттан окуу формасы боюнча айрым, төмөндөгү мезгил ичинде ишке ашырылсын:

- **2, 3, 4, 5, 6-курстар үчүн – 2015-ж.10-июлуна чейин.**
- **биринчи курстун эсеби менен акыркы эсептешүү – 2015-ж. 18 сентябрына чейин.**

Жалпысынан университет боюнча окуу саат көлөмүн жана профессордук-окутуучулук курамынын штатын эсептөө **2015-ж. 30-сентябрына чейин** бекитилсин.

**ОТ, М/Т, Чет тили, ФиСИ, Инженердик жана компьютердик графика, МжӨИ, ТжТК, МКТ, МжС, ЭКБ кафедраларына:** эсептешүүнү 2015-жылдын 13-майынын № 67-буйрукка ылайык, ТИжТТИнин кафедраларынын окуу саат көлөмүн эсепке алуу менен окутма сабактарды керектүү окуу-усулдук иш кагаздары менен камсыз кылгандан кийин ишке ашырышсын.

ТИжТТИ, ТТИ, КТИ, ККТИ, КМПиГТ өздүк түзүмдүк бөлүмдөрдө окуу саат көлөмүн эсептөө жана бөлүштүрүүнү жогоруда белгиленген мөөнөттө ишке ашырышсын.

1.5. И.Раззаков атындагы КМТУда окуу процессин уюштуруу боюнча негизги документтерди берүү Күнсанарында белгиленген мөөнөткө ылайык, окутма-усулдук кеңеши (УМС), ОБ жана тиешелүү окуу түзүмдөрү менен макулдашуу боюнча окуу пландарына өзгөртүүлөр жана түзөтүүлөр киргизилсин.

1.6. Окутуунун кредиттик технологиялар системасы үчүн окуу саат көлөмүн эсептөө жана бөлүштүрүүдө күндүзгү жана сырттан (ДОТту колдонуу менен) окуу формасы боюнча 2015-2016-жылдын иш окуу пландары колдонулсун.

1.7. Окуу, усулдук жана илимий иштер жаатында жеке педагогикалык окуу саат көлөмүн пландаштыруу жумалык иш окуу саат көлөмүнө ылайык бекитилген Убакыт ченемине (2014-ж.) жараша 1 ставкага 36 саат болуп ишке ашырылсын.

1.8. Лицензиялоонун жана мамлекеттик аттестациянын талаптарын камсыз кылуу максатында профессордук-окутуучулук курамы бекитилген ченемдерге ылайык (окумуштуу даражасы же наамы – 35 %дан кем эмес; толук ставкага – 60 %дан кем эмес; кошумча иштегендер – 40 %) сапаттуу түзүлсүн, штаттык окутуучуларды 1 ставкадан камсыз кылгандан кийин окуу ишине кошумча иштегендер тартылсын.

1.9. Окуу саат көлөмүн эсептеп жатканда лекциялык агымдар дисциплиналардын багыттары жана адистиктердин окуу программаларынын жалпылыгынын критерийлери боюнча пландаштырылсын (**2-тиркеме**). КТО боюнча күндүзү жана сырттан окуган студенттер үчүн (ДОТту колдонуу менен) агымдар бекитилген дисциплиналарга студенттерди каттоо тартибине ылайык түзүлсүн.

Мамлекеттик жана чет тил сабактарын окутуудагы практикалык сабактардын агымдары студенттердин тандоосу (тилди билүү деңгээлин эсепке алуу менен) боюнча жана Окуу башкармалыгы (ОБ) менен макулдашылып пландаштырылсын.

1.10. Сабактарды өткөн профессорлор, доценттер, кафедра башчылары лекциялык окуу саат көлөмүн 120 сааттан кем эмес пландаштырышсын, ошону менен бирге доценттин аудитордук сабактарынын көлөмү жылына жалпы окуу саат көлөмүн 50 %тен кем эмес, профессорлордуку – 40 %тен кем эмесин түзүшү талапка ылайык.

1.11. Лекциялык курстарды окуу ЖОЖдо иштөө стажы көп жана тажрыйбасы тиешелүү деңгээлде жеткиликтүү профессорлорго, докторлорго, доценттерге жана ага окутуучуларга, ошондой эле өндүрүштүн ири адистерине тапшырылсын.

1.12. Дисциплиналарды окутуучулардын ортосунда бөлүштүрүү алардын базалык билимине жана педагогикалык ишкердиктеги тажрыйбасына ылайык семестрлер боюнча ишке ашырылсын.

1.13. Практикалар боюнча окуу саат көлөмү 12 кишиден ашпаган сандагы топтор үчүн бекитилген ченемден 50 % пландаштырылсын. Практикалар боюнча окуу саат көлөмүн штаттык окутуучуларга гана пландаштырсын. Практикаларды уюштурууда И. Раззаков атындагы КМТУнун студенттеринин практикаларынын бардык түрлөрүн өткөрүү тартиби жөнүндө Жобо жетекчиликке алынсын (2011-ж.).

1.14. Күндүзү жана сырттан окуу формасындагы аз сандуу топтор үчүн (9 адамга чейин) окуу саат көлөмүн эсептөөдө дисциплинанын тиешелүү окуу программасын аткарып жаткан башка топтор менен бириктирүү ишке ашырылсын же 2013-ж. 10-декабрындагы № 187-буйрукка ылайык окуу планы боюнча аудитордук сабактардын түрлөрүнүн катышын жетекчиликке алып (лекциялар – 20 %, практикалык сабактар – 30 %, лабораторлук иштер – 50 %) индивидуалдык план боюнча сааттык фондо пландаштырылсын.

1.15. Сырттан окуу формасындагы топтор үчүн (ДОТту колдонуу менен) окуу саат көлөмүн эсептөөдө студенттердин эсептик саны

1.0 – 1,6-курстар үчүн; 0,7 – 2,3,4,5-курстар үчүн

коэффициенти менен кабыл алынсын.

1.16. Кафедранын сааттык төлөө фонду кафедралардын штаты же окуу ишинин түрүнүн өзгөчөлүгү (ГАКка катышуу, дипломдук иштерди (долбоорлорду) жетектөө жана рецензиялоо) тутумдаштырбаган учурда гана пландаштырылсын. Кошумча окуу саат көлөмүн бөлүштүрүү протоколдо тиешелүү жазууну жүргүзүү менен кафедранын отурумунун чечими боюнча ишке ашырылсын.

1.17. Кафедра башчылары профессордук-окутуучулар курамына (ППС) окуу саат көлөмүн 10 айга пландаштырыла турганын эсепке алып, окуу сабактарын

блоктук түрдө өткөрүүнү колдонуп, кийинки окуу жылынын башталышына эмгек өргүүнүн пайдаланылбаган бөлүгүн толугу менен алып таштап, практикалардын жетекчилерине окуу жылында эмгек өргүүсүн бөлүп колдонууну алдын ала караштырсын.

1.18. Кафедранын штаты докторантурадан, аспирантурадан, тажрыйба алуудан, чыгармачылык жана баланы кароо боюнча өргүүлөрдөн кийин кайтып келген адамдарды эсепке алуу менен түзүлсүн.

1.19. Кафедранын кошумча иштегендерине окуу саат көлөмүн пландаштыруу жана жүйөлөштүрүү университеттин ректорунун макулдашуусу жана уруксаты менен гана ишке ашырылсын.

1.20. Кафедралардын окутуучуларынын жана кошумча иште иштегендерди ишке кабыл алуу жөнүндө арыздарын окуу башкармалыгына макулдашуу үчүн берүү камсыз кылынсын: биринчи семестрде – 2015-ж. 21-сентябрына чейин, экинчи семестрде – 2015-жылдын 15-февралына чейин.

1.21. Окуу башкармалыгына окуу саат көлөмүнүн эсептелишинин жана бөлүштүрүлүшүнүн тууралыгы, жекече көрсөтүү жана белгиленген мөөнөттө жактоо, бекитилген дисциплиналардын окуу саат көлөмүнүн толук эсебин жоопкерчилиги кафедра башчысына жүктөлөт.

1.22. Кафедралардын профессордук-окутуучулук курамы (ППС) эмгек тартибине контролдук дайыма ишке ашырылсын, окутуучуларга модулдук-рейтингдик баалардын ИС AVN системасына өз убагында киргизилишине жана электрондук ведомостордун бекитилген тартипке ылайык түзүлүшүнө жекече жоопкерчиликтүү экендиги аларга жеткирилсин.

1.23. Аралыктан окутуу системасы боюнча профессордук-окутуучулук курамы (ППС) квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чаралар системалык түрдө өткөрүлсүн.

1.24. Бири-биринин сабактарына катышуунун анализи дайыма өткөрүлүп турсун.

1.25. Окуу сабактары башталганга чейин окутуунун кредиттик системасынын күндүзү жана сырттан окуу формасынын (ДОТту колдонуу менен) бардык багыттар (адистиктер) боюнча биринчи, экинчи, үчүнчү жылдардын окуу дисциплиналары КМТУнун талаптарына ылайык бекитилген жумушчу программалар, силлабустар жана окуу-усулдук комплекстер менен камсыз кылынсын.

**2. Факультеттердин декандарына, институттардын директорлоруна, колледждин директоруна:**

2.1. Окутуунун кредиттик формасынын негизинде окуу процессин уюштуруу жөнүндө Жобого ылайык кредиттик технология боюнча окуган студенттер үчүн окуу жылын баштоону ишке ашыруу боюнча иш-чаралар өткөрүлсүн.

2.2. Окутуунун эки баскычтуу деңгээлинин биринчи курсунун студенттери үчүн тиешелүү багыттар боюнча Маалыматтык пакети иштелип чыксын.

Маалыматтык пакетти түзүү жоопкерчилиги кафедра башчыларына, декандарга (директорлорго) жүктөлсүн (*Аткаруу мөөнөтү – 10.07.2015-ж.*).

2.3. Абитуриенттер жана 1-курстун студенттери университетте бекитилген окутуунун кредиттик технологиясынын негизинде окуу процессин уюштуруу эрежелери жөнүндө маалыматтандырылсын.

2.4. Каттоо офисинин жана академдик кеңешчилердин иши окутуунун кредиттик формасынын негизинде окуу процессин уюштуруу жөнүндө Жобого ылайык уюштурулсун. Студенттерди дисциплиналарга каттоодогу алардын жоопкерчилиги функционалдык милдеттеринде көрсөтүлсүн.

2.5. 2015-2016-окуу жылына окуу-лабораториялык базанын, кафедралардын усулдук жана техникалык жабдылышынын даярдыгына контрол жүргүзүлсүн.

2.6. Окутма-отчеттук документациянын мазмуну жана иш жүргүзүү университетте бекитилген иштин Номенклатурасына, ченемдик жана буйрутмалык документтерге ылайык тартипке келтирилсин.

2.7. 2014-2015-окуу жылдын жыйынтыгы боюнча студенттер тууралуу маалымат берилсин: курска которуу, ЖОЖду бүтүрүү (06.07.2015-ж. чейин), окуудан чыгаруу (01.09.2015-ж.).

2.8. Окуу сабактарынын жүгүртмөсүнүн аткарылышы жана студенттердин катышуулары дайыма контролдо болсун.

2.9. Кафедранын окуу процессине даярдыгынын сапаты үчүн жоопкерчилик деканга (директорго) жүктөлсүн.

**3. Окуу башкармалыгынын башчысына:**

3.1. Окуу процессин 2015-2016-окуу жылдын академдик күнсанарына жана бекитилген окуу пландарына, окуу процессинин графигине ылайык уюштурсун.

3.2. Сабактардын жүгүртмөлөрүн түзүүдө аудитордук фондду рационалдуу пайдалануу, окуу процессинин тынымсыздыгын жана окутуунун кредиттик технологиясынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сабактарды өтүүнүн бекитилген смендүүлүгүнүн талаптарын катуу кармансын (*Аткаруу мөөнөтү – 21.08.2015-ж.).*

3.3. Кафедраларды, деканаттарды, институттарды керектүү бланкалык документация менен камсыз кылсын.

3.4. Университеттин адистиктери менен багыттарынын окуу пландарына окуу дисциплиналардын туура келишинин бекитилгендигин текшерүү жүргүзүлсүн жана алардын 2015-2016-жылы ишке ашырылышын камсыз кылсын.

3.5. AVN 6нын бекитилген электрондук формалары боюнча 2015-2016-окуу жылында университеттин кафедраларынын окуу саат көлөмүн эсептөөлөрү жана аларды коштогон документтер текшерилип жана кабыл алсын, КМТУнун окутма түзүмдөрүнүн окутуунун бюджеттик жана контракттык формалары боюнча эсептөөлөрү жана штаттагы профессордук-окутуучулар курамы болгон керектөөлөр ведомосту бекитүүгө даярдалсын.

3.6. Окуу түзүмдүк бөлүмдөрдүн отчеттору, окуу саат көлөмүн анык аткарылгандан кийин гана бекитилсин.

3.7. Күндүз окуган факультеттердин сабактары жумасы 5 күнгө (ишемби – бош күн) жана 2 сменге пландаштырылсын:

- ТжМКФ ж БжБИ — 1-сменде
- ЭФ ж ТФ — 2-сменде
- МТФ, ЭжТИ — 1 сменде жана 2 сменде
- КГТИ — 1 сменде жана 2 сменде
- БПББИ — 1 сменде жана 2 сменде
- ПК — 1 сменде жана 2 сменде

3.8. КМТУнун веб-сайтынын, электрондук почтасынын, жергиликтүү түйүнүнүн жана маалыматтык-коммуникациялык техникасынын тынымсыз иштөөсү камсыз кылынсын.

**4. Проректорлорго, бөлүмдөрдүн жана кызматтардын башчыларына:**
2015-2016-окуу жылына башчылык кылган бөлүмдөрдү даярдоо 2015-жылдын 30-августуна чейин аягына чыгарылсын.

- зарыл ондоо иштери аткарылсын,
- окуу инвентары (парталар, блоктор, доскалар ж.б.) боюнча даярдык иштери жүргүзүлсүн,
- лабораториялык иштерди аткаруу үчүн кафедралар керектүү материалдар менен камсыз кылынсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Окуу иши боюнча проректор Т.Э.Сартовго жүктөлсүн.

Ректор Т. Б. Дуйшеналиев

Макулдашылган:

ОБнын башчысы Ж.С.Иманакунова

---

Таратылсын: ОБ, институттарга, деканаттарга, кафедраларга, колледжге